## «Жениш Туу » газетасына


# ААЛАМГА ЖОЛ АЙЫЛДАН БАШТАЛАТ

Кереметтуу Кош-Булак айылы, анда жайгашкан №12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим беруучу орто мектеби райондон 45 км алыстыкта жайгашса да, райондук билим беруу болумунун ар кандай иш чараларынан калышпай келебиз.



Алсак, жайкы эс алуу кундорундо Бишкек шаарына барып, КТРК уюштурган «Бирге окуйбуз» долбооруна биздин мектептин 3-классынын окуучусу Ибраимова Элмира Маратбековна апасы Жээналиева Гулум менен биргеликте катышып келди. Элмира азыр классында эле эмес мектеп боюнча отличник окуучулардын бири.

Келечекте котормочу болом деген изги ой тилеги бар эле. Ойлогону ишке ашып, волонтердун келиши да Элмира учун чон олжо болду. Англис тили ийриминен калбай катышып, чон аракет менен окуп жаткан учуру.



Жаны окуу жылы башталаары менен район учун чон саамалык болду. Биздин мектепке дагы «Тынчтык корпусунун » волонтеру Виктория Молина келди. Викториянын келиши менен окуучулардын англис тилине болгон кызыгуулары артты. Ал уюштурган ийримге талбай катышып, эки элдин маданияты менен жакындан таанышып жатышат. Ошондой эле жекшемби кундору «Кучтуу аялдар клубу» деген темада айылдагы аялдарга, кыздарга туура тамактануу боюнча тренинг откоруп жатат.

Сканировано с CamScanner






Быйылкы окуу жылында дагы бир жакшы саамалыктын бири, аз камсыз болгон уй булонун мучосу, 5-класстын окуучусу Жусуп кызы Нурзида класс жетекчиси Танаева Тоюнбү менен биргеликте райондун атынан «Президенттик балатыга » мыкты жетишкендиктери учун, президентибиз Жээнбеков Сооронбай Шариповичтин оз колунан белек алып келди. Нурзиданын келечеги кен болуп, буюрса президенттик стипендияларга ээ болсун.

Сканировано с CamScanner




Ошондой эле АИЦА тарабынан «Билимкана уюштурган 4-11-класстар арасында математика боюнча олимпиадага 7-класстын окуучусу Кубанычбек уулу Сактанбек райондук, областтык олимпиадалардан женип, республикалык олимпиадага катышып, финалга чейин жетип, оз билимин жогору экендигин далилдеп келди.

Сактанбектин жараткан ийгиликтери бул эле эмес. Райондук, областтык сынактарга катышып, орундарга жетишип келет.

Айтоор кичинекей айыл, кичинекей мектеп болсок дагы алдыга кадам таштап, ийгиликтерди багынтып келебиз.

Сканировано с CamScanner

ЖЕҢИШ ТУУСУ
КООМДУК-САЯСИЙ ГЕЗИТ
1946-жылдын декабрынан бери чыгып келе жатат
14-июнь, 2018-жыл
№17-18 (5309)


# АЙМАКТАГЫ СААМАЛЫК



© Бүтүрүүчүлөр

Тогуз-Торо айыл аймагына караштуу алыскы Кош-Булак айылынын Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде 25-май акыркы коңгуроо салтанаты жана мектеп ишинин ийгилигин көрсөткөн иш-чара өттү. Аталган саамалыкка раймамадминистрация башчысынын орун басары Г.Султангазиева, билим берүү бөлүмүнүн башчысы Б.С-.Иманбердиев, С.Сыдыков, Т.Какаева, З.Ажыбаев жана Тогуз-Торо айыл өкмөтү У.Көчөрбаев, райондук салык бөлүмүнүн башчысы С.Абдылдаев, ИИБ кызматкери Н.Абылкасымова катышты. 25-май акыркы коңгуроо салтанаты жогорку деңгээлде белгиленип, бүтүрүүчүлөрдүн ырбийлери тартууланды. Ошондой эле мындан он жыл мурда бүтүргөн бүтүрүүчүлөр тарабынан ңип алган. "Манас таануу" теле таймашында "Кабылан" тобу 3-орунду ээлеген. Райондук жаш ойлоп табуучулар сынагында 6-класстын окуучусу Ибраимов Арсен "ишкер" наамы жана китеп кербени акциясында өзүнүн ойлоп табуулары менен 1-орунду камсыз кылган. Жогорудагы олимпиада катышуучуларына, алдыңкы окуучуларга Акан Абдыманбетов атындагы фонддун атынан 4000 сомдук сыйлык тапшырылды. Аталган фонддун атынан жыл сайын алдыңкы окуучуларга стипендия берилет.

Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин кезексиз педагогикалык кеңешинин чечиминин негизинде үч класстык бөлмөгө районубуздун алдыңкы медицина кызматкери Акан Абдыманбетовдун жана аймактын,

МИнун дарылоо факультетин бүтүргөн. Алгачкы эмгек жолун азыркы Улуттук илим изилдөө кардиология жана терапия институтунда баштаган. 1974-1976-жылы Тогуз-Торо районунун ооруканасынын жугуштуу оорулар бөлүмүнүн башчысы, 1977-1978-жылдары терапия бөлүмүнүн башчысы, 1978-жылы башкы врачтын дарылоо боюнча орун басары, 1978-1985-жылдары башкы врачтын уюштуруу методикалык иштери боюнча орун басары кызматтарын аркалаган. Бул жылдары калктын медициналык санитардык тейлөө сапаты жакшырып, койканын саны 70тен 120га чейин өсүп жаңы жардамчы кабинеттер ачылып, алгачкы жолу борборлоштурулган сүт ашканасы иштей баштаган. Райондо Дөдөмөл жана Арал айылдык врачтык амбулатория ишке кирген. Тогуз-Торо районунун катаал шартында Бирдик, Кетмен-Төбө жана Киров колхозунун Каарман-Туз кабагында кыштаган малчыларды 10-15 күндөп кыштын аяздуу күндөрүндө малчылардын жер кепелеринде жатып тейлеген күндөрү болгон. 1992-2002-жылдары Борборлоштурулган ооруканада поликлиника башчысы болуп иштеп, Кыргыз өкмөтүнүн саламаттыкты сактоо иш реформалоо боюнча «Улуттук Манас» программасынын талабына миң сом өлчөмүндө медициналык инструменттер, аппаратуралар, ошондой эле АБР линиясы боюнча 523000 миң сомдук УЗИ аппараты, 187000 миң сомдук дефибриллятор, 165000 миң сомдук хирургиялык инструменттер алынган. Саламаттыкты сактоо министрлигинин 26.07.2004-жылы №336 буйругунун негизинде ден соолукту чыңдоо кабинети 2004-жылы үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун базасында ачылып, тийиштүү инвентарлар менен камсыз болгон. Эң алгачкы Тогуз-Торо райондук ооруканада баштапкы комсомол уюмунун катчысы.1975-1979-жылдары медицина кызматкерлеринин профсоюз уюмунун төрагасы. 1979-1991-жылдары ооруканада баштапкы партиялык уюмдун катчысы. 1985-1988-жылдары Тогуз-Торо райондук партиялык уюмунун текшерүү комиссиясынын мүчөсү болгон. Бир канча жолу райондук партиялык комитетинин мүчөсү. 1975-1980-жылдары Нарын облустук профсоюздар кеңешинин мүчөсү болуп шайланган. 1990-1995, 2000-2004-жылдары Тогуз-Торо райондук кеңешинин депутаты болуп шайланган. 1979-жылы кыргыз СОФПРОФТУН Ардак грамотасы, 2003-жылы саламаттыкты сактоонун «Ардактуу кызматкери» төш белгиси менен сыйланган. 2005-



© Иш-чарадан көрүнүш

**Исакова Букеш Исаковна**

1932-жылы Нарын облусунун Дөбөлү (азыркы Кеңеш айылы) айылында жарык дүйнөгө келген. 1956-жылы Нарын облусунун педагогикалык окуу жайын бүтүргөн. Алгачкы эмгек жолун 1958-жылы Тянь-Шань райкомсомолунда иштеп баштаган. 1960-жылы "Жеңиш-Туусу" газетасынын жооптуу катчылыгын аркалаган. 1962-жылдары Казарман орто мектебине башталгыч класс мугалими болуп ишке кирген. 1967-жылы ачылган Кош-Булак айылындагы толук эмес мектебине алгачкылардан болуп мугалим катары ишке орношкон. Бир нече ардак грамоталардын ээси. Эл агартуунун отличниги, эмгек ардагери болгон. Бир нече жолу райондук советтик депутаты болуп шайланган. 1993-жылга чейин Кош-Булак айылында мугалим болуп иштеген. 1998-жылы 27-октябрда дүйнөдөн кайткан.

Сканировано с CamScanner

...көзөмөл орнотулуп берилди. Билим берүү бөлүмү тарабынан мектепке атайын сыйлык тапшырылды. Мектеп директору Гүлүм Жээналиева мектептеги алгылыктуу жүргүзүлгөн иштерине, окуучулардын билим сапатына токтолду. Аталган мектеп райондон алыс турса дагы райондук ар кандай иш-чараларга активдүү катышып, билим сапаты жакшырып келет. Мектепте жалпы 100 окуучу тарбияланса, анын ичинен 11-класстан 6 окуучу, 9-класстан 8 окуучу бүтүрүштү. Мектепте чыгармачыл билимдүү окуучулар ийгиликтерди багынтууда. Райондо өткөрүлгөн "Жоокер ыры" сынагы боюнча Бакытбек уулу Эржан 1-орунду ээлеген. Математика предмети боюнча райондук олимпиадага 7 окуучу, облустук турына 1 окуучу катышып, республикалык турына чыккан. Англис тили предмети боюнча райондук олимпиадага 4 окуучу, облустук турга 1 окуучу катышкан. "Жылдын мыкты мугалими" сынагында Турдакунова Бурулсун 3-орунду же...

...деринин ысымдары ыйгарылды. Акан Абдыманбетов атындагы химия биология кабинетине уулу Арафат Абдыманбетовдун демөөрчүлүгүндө 44 миң сомдук класстык бөлмөнү заманбап жасалгалоодон өткөрүп берген. Ошондой эле техникалык каражат 16 миң сомдук түстүү телевизор тапшырды.

**Абдыманбетов Акан** 1947-




жылы Кош-Булак кыштагында туулган. 1972-жылы КМ-...

...ника базасында Абдыманбетов Акандын демилгеси менен №1 жана №2 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобун уюштурган, ошондой эле №3 Арал, №4 Атай, №5 Дөдөмөл айылдык үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору уюштурулган. Саламаттыкты сактоодо жүргүзүлгөн реформалардын негизинде райондо биринчилерден болуп УДТ негиздеген. 2002-жылы Абдыманбетов Акан Тогуз-Торо райондук үй бүлөлүк дарыгерлер борборуна директор болуп дайындалган. Анын демилгесинде Азия өнүктүрүү банкынын колдоосу менен Чет-Булак, Кош-Булак ФАПтарынын имараттары курулуп, Өрнөк, Карл Маркс, Бирдик, Табылгыты фельдшердик пункттардын №9 Арал, №1, №8 Казарман үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунун капиталдык ремонттор кыска мөөнөт ичинде бүткөрүлүп, буга 1 млн 800000 миң сом жумшалып, ошондой эле 3200 АКШ доллары менен медициналык инвентарлар менен камсыздалган. АКШ мамлекеттик департаменти тарабынан 1 млн 136000...


...нын «Саламаттыкты сактоонун Ардактуу кызматкери», 2007-жылы 1-категориядагы Саламаттыкты сактоонун «Уюштуруучу дарыгери» наамы менен сыйланган. 2007-жылы Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин «Ардак грамотасы», 2014-жылы Кыргыз Республикасынын «Ардактуу Аксакалы» ордени менен сыйланган, 2016-жылы Тогуз-Торо районунун «Ардактуу Атуулу» наамы берилген. 2008-жылы ардактуу эс алууга чыгып, өмүрүнүн аягына чейин райондук жалпы дарыгерлер борборунда психиатр болуп эмгектенген. 4 баланын 17неберенин ардактуу атасы болгон. Иштеген 44 жылдык үзүрлүү эмгегинде Тогуз-Торо районунун элине эмгегин аяган эмес.

* * *

Эл агартуунун отличниги **Букеш Исаковананын** ысымы баштагыч класстык бөлмөсүнө ыйгарылды. Небереси Алиев Канат 30 миң 300 сомдук демөөрчүлүк менен заманбап жаңыртуудан өткөрүп, шкаф орнотуп берген.

**Аталган мектептин математик мугалими Сулайман уулу Кубанычбек** 1979-жылы Кош-Булак айылында туулган. 1996-жылы Ыдырыс Кадыркулов атындагы мектепти ийгиликтүү аяктаган. Мектепте окуп жүргөн кездеринде эле мугалимдердин мыкты математик болоруна ишенимдери чоң эле. 1997-жылы Нарын мамлекеттик университетинин "математика жана информатика" факультетине тапшырып, 2005-жылы адистигине ээ болгон. Алгач эмгек жолун 2000-жылы аталган мектепте математика жана информатика мугалими болуу менен баштаган. 2010-жылга чейин балдарга татыктуу билим, таалим-тарбия берүүнүн алдыңкы ыкмаларын үйрөнүү менен педагогдук милдетин үзүрлүү жогорку деңгээлде аткарган. 2004-жылы Билим берүү кызматкерлеринин райондук комитетинин, билим берүү бөлүмүнүн, Ы.Кадыркулов орто мектебинин ардак грамоталары менен сыйланган. "Мыкты класс жетекчиси" наамы жана "Жылдын мыкты мугалими" сынагынын катышуучусу болгон. Алдыңкы үлгүлүү мугалим 2010-жылы дүйнөдөн кайткан. Өмүрү аз болсо дагы саз жашап, артында эки уул, бир кызы жана билим берген окуучулары калды. Сулайман уулу Кубанычбектин ысымы математика класстык бөлмөсүнө берилип, жубайы Насырынбекова Акак демөөрчүлүк көрсөткөн.

**Улуу муундун эмгеги – келечек муунга өзүнчө бир тарых жана келечекке өбөлгө.**





**Айпери АСЫЛБЕКОВА**

Сканировано с CamScanner